10.02.23

## Актилек жалпы билим беруу орто мектеби

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси: Жөлөгөнова Т.К.

Окуу тарбия ишинин жетекчиси: Джумагулова З.А.

Бекитемин мектеп мудуру: Абдласова А.С.

# Кыргыз адабият сабагы
# Жоомарт Боконбаев «Кыргыздын Ала-Тоосу» ыр
## 8 - класс

Мугалим: Шермамбетова Н.Б.

## Сабак : Кыргыз адабияты 8-класс

## Сабактын темасы:

## Жоомарт Бөкөнбаевдин "Кыргыздын Ала-Тоосу" ыры

| | |
|---|---|
| Сабактын тиби: Аралаш<br>Колдонулуучу ыкмалар: айтып берүү, түшүндүрүү, изденүү, изилдөөчүлүк, аңгемелешүү, суроо-жооп, синквейн, кластер.<br>Керектелүүчү каражаттар: Темага байланыштуу сүрөттөр, "Чептен эрдин күчү бек" мультфильминен үзүндү, ватман.<br>Предмет аралык байланыш: тарых, кыргыз тил, география, сүрөт сабагы | |
| **Негизги компетентүүлүк** | **Предметтик компетентүүлүк** |
| **НК-1. Маалыматтык окмпетентүүлүк** | **ПК- 1. Тил таануучулук** |
| Маалыматтын жетишсиздигин же түшүнбөстүгүн көрсөтүү менен суроорлорду берет. | Тилдик бирдиктерди, алардын функцияларын түшүнөт |
| **НК-2. Социалдык-коммуникативдик** | **ПК-2. Кептик** |
| Өз позициясын түшүндүрүү менен аргументтерди келтирет. | Коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин финкционалдык-семантикалык типтерин пайдалана алат; |
| **НК- 3. Өзүн-озү уюштуруу, проблемаларды чечүү** | **ПК-3. Маданият таануучулук** |
| Өз ишин күчтүү жана чабал жактарын көрсөтөт | Элдин маданий мурасынын маанилүү болүгү катары тилге жекече мамилесинин билдирет. |

| № | Сабактын максаттары | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | **Коммуникативдик максат**: Жоомарт Бөкөнбаевдин "Кыргыздын Ала-Тоосу"ыры менен таанышышат. Ырды окуу менен Кыргыз Ала-Тоосунун коодугун, байырлаган жан-жаныбарлардын түрлөрүн билип алышат. Акындын Кыргыз Ала-Тоосу жөнүндө эмнелерди баяндаганын талкуулашат. | Жоомарт Бөкөнбаевдин "Кыргыздын Ала-Тоосу"ыры менен таанышышса. Ырды окуу менен Кыргыз Ала-Тоосунун коодугун, байырлаган жан-жаныбарлардын түрлөрүн билип алышса. Акындын Кыргыз Ала-Тоосу жөнүндө эмнелерди баяндаганын талкуулашса. |
| 2 | **Тилдик максат**: Элестөөсү, ой-жүгүртүүсү, кабыл алуусу өнүгөт. Сөз байлыгы өсөт. Кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө үйрөнөт. | Элестөөсү, ой жүгүртүүсү, кабыл алуусу өнүксө.<br>Сөз байлыгы өссө.<br>Кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө үйрөнсө. |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | **Когнитивдик лингвоэтомаданий максат:** Окуучулар өз жеринин кооздугун баалай билүүгө, жаныбарларды коргоого, жаратылышка камкордуулук менен мамиле жасоого, адептүүлүккө, ынтымактуулукка тарбияланашат. | Окуучулар өз жеринин кооздугун баалай билүүгө, жаныбарларды коргоого, жаратылышка камкордуулук менен мамиле жасоого, адептүүлүккө, ынтымактуулукка тарбияланышса. |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убактысы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетенттүүлүгү | | баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.Уюштуруу Саламдашуу Шыктандыруу | 3 мин | Сабактын темасын, максатын айтат, түшүндүрөт. Саламатсыңарбы урматтуу окуучулар! Кыргыз Республикасынын Гимни жаңырат. Бүгүнкү сабагыбыз күндөгү сабактардан өзгөчөлөнүп турат. Себеби, биз бүгүн меймандарды тосуп отурабыз. Конокторду тоскондо кыргыз элинин салты боюнча эмне деп айтышыбыз зарыл? (**Кош келиңиздер!**). Сабакты баштаардан алдында бири-бирибизге жакшы тилектерди каалап, маанайыбызды көтөрөбүз. Бүгүн биз силер менен ийри отуруп түз кеңешебиз. Азыркы ааламдашуу маалындагы телефондун функциялары аркылуу алтын | Окуучулар сабактын темасын, максатын угат жана түшүнөт. | НК-1<br><br>НК-3 | ПК-1<br><br>ПК-3 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эреже түзүп алабыз. Интернет-мугалимден алган маалыматты кунт коюп угуу. Вай-фай-маалымат бөлүшүү. Кубаттагыч- күч-кубат топтоо. Блютуз-алган маалыматты достор менен бөлүшүү, топтор менен иштөө. Балдар бүгүнкү күн тууралуу силер менен азын оолак кеп кылайын деп турам. Ким жооп берет бүгун кандай күн? Бүгүнкү дата кайсы майрам менен байланыштуу? Туура, бүгүн 15-февраль Совет армиясынын Афганистандан чыгарылган күнү. Урматтуу балдар! 15-февраль календарда майрам күн катары белгиленген эмес, ошондой болсо дагы, тарыхый салтты улап, биз бул күндү курман болгондорду эскерүү жана жоокер-“афганчыларды” урматтоо Күнү катары жыл сайын белгилейбиз. Афганистан Демократиялык | Окуучулар Афган согушу тууралуу маалымат алышат. | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Республикасындагы согушка кыргызстандык 7141 жоокер катышкан, 300 ашуун адам курман болгон, 4 адам дайынсыз жоголгон, 1500 жоокер жаракат алган. Демек, бул бизде тарых. Эч ким унутулбайт, эч нерсе унутулбайт деп бекер айтылбаса керек. Биз муну биле жүрүшүбүз зарыл. Бүгүнкү өтүлө турган Жоомарт Бөкөнбаевдин калемине таандык “Кыргыздын Ала - Тоосу” чыгармасы. Бирок бул ырды окугандан мурун, бүгүнкү күнгө байланыштуу “Чептен эрдин кучу бек” поэмасынын негизинде тартылган кыскаметраждуу мульфильмди көрсөткүм келип турат. Кунт коюп, көңүл бөлгүлө.<br>**Мультфильм “Чептен эрди күчү бек”.**<br>Балдар, эмне үчүн поэма «Чептен эрдин күчү бек» деп аталат? Айтагой!<br>— Анткени чепти талкаласа болот. Баатырлардын күчүн майтара албайсың! | Суроолорго жооп беришет, талкуу жүргүзүшөт. | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | — Туура, баатырлардын күчүн майтара албайсың. Баатыры бар эл – бактылуу! Кыргыз эли да бактылуу. Манастай баатырыбыз болгон. Касым Тыныстанов,Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов-эли үчүн,жери үчүн канын, жанын аябаган, мекени үчүн курман болгон баатырлардын бири | Мультфильмди көрүшөт, талкуулашат, берилген суроолорго жооп беришет. | | | |
| 2. Үй ишин текшерүү | 5-мин | Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармалары боюнча синквейндерди окуп беришет. Ар бири өздөрү окуган чыгармалардын сүрөттөрүн көрсөтүп түшүндүрүп берет. | Окуучулар жооп беришет. Чыгармалары боюнча маалымат беришет. | НК-2 | ПК-2 | |
| 3. Өтүлгөн теманы кайталоо | 3-5 мин | Үйгө акындын өмүр жолун окуп келүү берилген. Ким айтат, Жоомарт Бөкөнбаев качан төрөлгөн?<br>1. **Ж.Бөкөнбаев качан, кайсы жерде туулган?**<br>Ж. Бөкөнбаев 1910-жылы Жалал-Абад областында Токтогул районунда Мазар-Сай айылында туулган | Суроолорго жооп беришет, талкуу жүргүзүшөт. | НК-2 | ПК-2 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2. **Балалык кези кандай өткөн? Балалык чагы:** Борбу байдын коюн кайтарып күн өткөрөт.<br>3. **Акындык шыгынын ойгонушуна кимдер таасир эткен? Талантын өнүктүрүү үчүн кандай аракеттерди жасаган?**<br>Сөзгө чебер Алтынай апанын айткандары Жоомарттын сергек сезиминде калып, ой-кыялынын өсүшүнө көмөктөшкөн. Айрыкча, ал Токтогулдун ыр, күүлөрүн бала чагынан көп угат.<br>4. **Акын жана драматург катары кандай чыгармаларды жараткан?**<br>“Жер алган кедейлерге”, “Эмгек төлү”, “Алтын кыз”, “Жоомарттын ырлары”, “Комуз”, “Чабуул” ыр жыйнактары жарык көргөн. Согушка арналган “Ата-Журт үчүн майданга”, “Кош Ала-Тоо, уулуӊ кетти | Чыгармалары боюнча талкуулашат | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | майданга” деген ырларын жазган. Драматургия жанрында “Каргаша”, “Семетей” пьесаларын жазган.<br>**5. Адатта,белгилүү инсандардын ысымы өзүлорү туулуп-өскөн жерлерге берилет, ал эми Жоомарт Бөкөнбаевдин ысымы кандай себептер менен Тоң районунун бир айылына берилген?**<br>1944-жылы Тоң районунун аймагында “Манас” эпосу жөнүндө кинотасма тартып, кайтып келе жатканда унаа кырсыгына учурагандыктан, ошол жердин аты акындын ысымы менен аталып калган. | | | | |
| Жаңы теманы түшүндүрүү | 5-7 мин | Мугалим окуучуларга чыгарманы көркөм окуу менен түшүнүктөрүн айтып берүүгө тапшырма берет. Көрсөтмөлөр аркылуу окуучуларды оозеки | Күтүлүүчү натыйжа: Жоомарт Бөкөнбаевдин “Кыргыздын Ала-Тоосу”чыгармасы менен таанышат. Кыргыз Ала- | НК-1 | ПК-1 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | баяндоого машыктырат. Суроо –жооп иретинде аңгеме жүргүзөт.<br>**Балдар,** китебиңердин 63-бетин ачкыла.<br>**Пейзаж** – адабий көркөм чыгармада табият көрүнүшүн сүрөттөп, чыгарманын мазмунун, каармандардын түрдүү кырдаалдардагы психологиялык абалын ачып берүүгө багытталат. Лирикалык Пейзажда каармандын көңүл маанайынын абалы көрсөтүлөт. Айрым Пейзажда автордун туулуп-өскөн жерине болгон сүйүүсү берилет. Биз кеңири токтолуп, бүгүн окуй турчу чыгарма “Кыргыздын Ала-Тоосу”. Жазуучу болгон кооздукту окурманга жеткириш үчүн салыштырууну колдонгон.<br>Келгиле балдар, ырды кезектешип окуйбуз. | Тоосунун кандай кооз экенин өз сөзү менен айтып бере алышат. Элестетүү менен сүрөттөп беришет. Берилген суроолорго ой-жүгүрүү менен так жооп беришет.<br><br>Теманын үстүнөн иштөө менен кыялдануусу, ой жүгүртүүсү, эске сактоосу калыптанат. | | | |
| Практикалык иш | 5-7 мин | - “Кыргыздын Ала-Тоосун байырлаган жаныбарлар” | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кластер түзгүлө.<br>- “Кыргызстан” деген сөзгө синквейн түзгүлө.<br>-Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү жазгыла. | Окуучулар топко бөлүнүшөт. 1-катар кластер түзүшөт.<br><br>2-катар синквейн түзүшөт.<br>Балдар туура жазганга аракет кылышат. | | | |
| Сабакты жыйынтык-тоо, бышыктоо | 5 мин | Жоомарт Бөкөнбаев кандай акын болуптур!<br>— Жоомарт атабыз мекенчил акын болуптур. Ал бизди эли-жерибизди сүйүүгө, туулган жерди душмандардан коргоого чакырган.. Демек, биз өз Мекенибизди коргошубуз керек. | Окуучулар мугалим берген суроолорго жооп беришет. Чыгарма эмнеси менен жакканын, өзү үчүн канадй маалымат алганын айтышат. Сабактын башында айтылган максаттарга ээ болуштубу жооп беришет. | НК-2 | ПК-2 | |
| Үйгө тапшырма | 3 мин | “Кыргыз Ала-Тоосу”ырынан үзүндү жаттап келгиле. 4-тапшырмада берилген сөздөрдүн синонимин дал келтиргиле. | Ырды жаттап келишет.<br><br>Жазуу ишин аткарышат.<br><br>Сөздүк жатташат. | НК-3 | ПК-3 | |
| Баалоо | | Урматтуу окуучулар, | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | бардыгыңар сабакка активдүү жооп берип жаттыңар. Баарыңар азаматсыңар! Силер дагы Жоомарт атаңардай Ала-Тоону сыймыкка бөлөгөн уул-кыздардан болгула. Ушуну менен сабагыбыз аягына келди. Эшикте пирамида илинип турат. Ким бүгүнкү сабакты кандай деңгээлде тушунгөнүн билип алышым зарыл. Эшикке чыгып бара жатып, стикерлерди чаптап чыга бергиле. Чоң рахмат. Саламатта баргыла! | | | | |